**Жогорку Кеңеште «Доорду өзгөрткөн аял лидерлиги»**

**аттуу иш чаранын алкагында**

**“Биз барбыз" тобунун кайрылуусу**

**01 март 2024 ж.**

**Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Төрагасы**

**Шакиев Нурланбек Тургунбековичке**

Урматтуу Нурланбек Тургунбекович,

Биз “Биз барбыз” топтун өкүлдөрүнүн атына өтүп жаткан диалогду уюштургандыгыңар үчүн Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине ыраазычылык билдиребиз жана аны жыл сайын, ал эми кызматташуубуз үзгүлтүксүз болуусун сунуштайбыз.

Диалогдун жыйынтыгы боюнча тиешелүү комитеттерге биздин мыйзамдык бекитүүнү талап кылган төмөнкү сунуштарыбызды карап чыгууга тапшырма берүүнү суранабыз:

- Майыптуулуктун түрлөрү боюнча статистика жүргүзүү;
- Ар кандай өзгөчө жана кризистик кырдаалдарда ар кандай майыптыгы бар адамдар менен иштөө боюнча укук коргоо стандарттарын карап чыгуу жана кабыл алуу;
- Арыздын альтернативдүү түрлөрүн кабыл алуу мисалга: Брайль шрифти, сурдокотормочу, видеокайрылуу аркылуу арыздар;
- Тергөө аракеттери менен иш-чараларды өткөрүү;
- Майыптыгы бар адамдар үчүн 101, 102, 103, ӨК жана башка куткаруу кыызматтарын жеткиликтүү кылуу;
- Жаңсоо тили кызматкерлердин компетенттүүлүгүн бир бөлүгүн түзөт;

- Майыптыгы бар адамдар үчүн зордук-зомбулукта кайрылуу боюнча санариптик тиркемени киргизүү;
- Жаңсоо тили тууралуу мыйзам кабыл алуу;
- **КР Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция Министрлигине:**

  Кризистик борборлордун стандарттарын карап чыгуу жана майыптыгы бар кыз-келиндердин мүмкүнчүлүгүнө жана талаптарына ылайык ыңгайлуу шарттарды түзүп берүү жана азыркы тапта иштеп жаткан Кризистик Борбордун ишмердүүлүгүн колдоо.

**Кыргыз Республикасынын Парламентине:**

- Конвенциянын беренелеринин 4 жыл ичинин жыйынтыгы боюнча ишке ашырылып иштешине баа берүү жана мониторинг жүргүзүү.

**Төмөнкүлөр ишке ашканда, бизди угушту деп эсептейбиз:**

- 4 жыл аралыгында майыптыгы бар адамдардык укугун коргоо боюнча Конвенциянын беренелеринин аткарылышы боюнча статистикага мониторинг жүргүзүлсүн.
- Зордук-зомбулук коркунучу болгон учурларда , анын ичинде куралдуу кагылыштарда, гуманитардык өзгөчө кырдаалдарда жана табигый кырсыктарда майыптыгы бар адамдарды коргоону жана алардын коопсуздугун камсыз кылуу боюнча зарыл чараларга мониторинг жүргүзүү. Майыптыгы бар адамдардын коргоо жөнүндө Конвенциянын 6 жана 11- беренелери.
- Урматтуу отурумдун катышуучулары эгерде мамалекет тарабынан жогоруда айтылган сунуштар конулго алынып – ишке ашала турган болсо. Майыпыгы бар адамдардын укугу кормоксон укмаксанга калбайт жана мамлекет колдоого алып комуского калтырбайт деп ишенебиз.

Биз мыйзамдарга жана башка нормативдик-укуктук актыларга бул түзөтүүлөрдү иштеп чыгуу боюнча жумушчу топко кирүүгө даярбыз.

Биз барбыз топтун атынан кол койгондор:

1. **Укей Мураталиева “Назик кыз” Коомдук уюмунун Төрайымы;**
2. **Дуйшенова Гульзар Мелисбековна “Жарыктык” Коомдук Фондунун Төрайымы;**
3. **Молдалиева Мээрим Болотбековна “Байзак” Айылдык Кеңештин депутаты;**
4. **Турдиева Алия “Кос жана Ког” Бишкектик шаардык дүлөйлөр жаштар уюмунун Төрайымы.**